# «Улуу Аллах Таала айтты: «Мен ширк келтирген шериктерге муктаж эмесмин. Ким Мага иш-аракетти кылууда башканы шерик кошсо, анда Мен аны ошол ширкине таштаймын.*@

Абу Хурайра, радыяллаху анху, рывайат кылган хадисте Аллахтын элчиси, саллалаху алейхи уа саллам, айтты: «Улуу Аллах Таала айтты: «Мен ширк келтирген шериктерге муктаж эмесмин. Ким Мага иш-аракетти кылууда башканы шерик кошсо, анда Мен аны ошол ширкине таштаймын.
[Сахих (ишенимдүү)] [Муслим жазып калтырган]

Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, Аллах Таала ширк келтирген шериктерге муктаж эмес. Бардык нерсе Аллахка муктаж. Ал эч бир нерсеге муктаж эмес экендигин баяндап жатат. Эгерде инсан кандайдыр бир ибадат кылып, ниетинде Аллах үчүн жана башка бирөө үчүн болсо, анда Аллах аны кабыл кылбастан, аны шерик кылган нерсесине таштап, ширкин кайра ээсине кайтарып коёрун кабарлап жатат. Ошондуктан иш-аракеттерди ихлас менен Аллах үчүн кылуу зарыл. Анткени Аллах ихлас менен аткарылган иш-аракеттерди гана кабыл кылат.



النجاة الخيرية
ALNAJAT CHARITY
لجنة الدعوة الإلكترونية
EDC E-Da'wah Committee